HUMAN RIGHTS

Botschaft
der Bundesrepublik Deutschland
Bischkek

# ПРОБАЦИЯНЫН КАРДАРЛАРЫН, АНЫН ИЧИНДЕ ЮВЕНАЛДЫК ПРОБАЦИЯНЫН КАРДАРЛАРЫН КАЙРА СОЦИАЛДАШТЫРУУ БОЮНЧА УСУЛДУК КОРСӨТМӨЛӨР

БИШКЕК – 2021

HUMAN RIGHTS

Botschaft
der Bundesrepublik Deutschland
Bischkek

# ПРОБАЦИЯНЫН КАРДАРЛАРЫН, АНЫН ИЧИНДЕ ЮВЕНАЛДЫК ПРОБАЦИЯНЫНКАРДАРЛАРЫН КАЙРА СОЦИАЛДАШТЫРУУ БОЮНЧА УСУЛДУК КӨРСӨТМӨЛӨР

Бишкек – 2021

Ушул Усулдук көрсөтмөлөр Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин алдындагы Пробация департаменти тарабынан «Оэйсис» Коомдук Кайрымдуулук фонду менен биргеликте иштелип чыкты.

Усулдук көрсөтмөлөр жергиликтүү мамлекеттик администрациялар жана пробация боюнча кеңештери, мамлекеттик органдардын аймактык бөлүмдөрү, анын ичинде пробациянын кардарларына, ювеналдык пробациянын кардарларына мамлекеттик кызматтарды көрсөтүшкөн райондук (шаардык) социалдык өнүгүү башкармалыктары, билим берүү бөлүмдөрү, саламаттык сактоо уюмдары үчүн сунушталат.

Ошондой эле Усулдук көрсөтмөлөр жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын социалдык маселелери боюнча адистери жана Балдар иштери боюнча комиссиянын мүчөлөрү үчүн сунушталат.

Усулдук көрсөтмөлөр Кыргыз Республикасындагы Германиянын Элчилигинин колдоосунун алдында чыгарылды.

## МАЗМУНУ

**Киришүү……………………………………………………..**

**1-глава.**
**Эл аралык стандарттарга сереп……………………….**

**2-глава.**
**"Пробация жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы ………………………………………………….**

Пробациянын максаттары жана милдеттери ……………
Пробациянын түрлөрү ……………………………………
Сотко чейинки пробация …………………………………
Аткаруу жана пенитенциардык пробациясы …………..
Социалдык-укуктук жардам көрсөтүүнүн жеке программасы ………………………………………………

**3-глава.**
**Жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын пробация кардарларын кайра социалдаштыруудагы ролу ……………………………**

Жергиликтүү мамлекеттик администрациялар …………
Пробация боюнча кеңеш …………………………………
Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары ………..

**Глава 4.**
**Мамлекеттик органдардын аймактык бөлүмдөрүнүн пробация кардарларын кайра социалдаштыруудагы ролу ………………………………………………………**

Райондук (шаардык) эмгек жана социалдык өнүгүү башкармалыгы ……………………………………….
Райондук (шаардык) билим берүү бөлүмү ………………
Үй-бүлөлүк медицина борбору…..……………………….
Мамлекеттик каттоо кызматы………………… ……...

**Корутунду…………………………………………………….**

**Пробация чөйрөсүндөгү ченемдик укуктук актылардын тизмеси………………………………………**

**Кыскартуулардын тизмеси**

КР Кыргыз Республикасы

СССӨМ Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо жана социалдык өнүктүрүү министрлиги

ИИМ Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлиги

БИМ Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги

ЖМА Жергиликтүү мамлекеттик администрациялар

БИК Балдар иштери боюнча комиссия

БББ Райондук (шаардык) билим берүү бөлүмү

ҮБМБ Үй-бүлөлүк медицина борбору

РГУСР Райондук (шаардык) эмгек жана социалдык өнүгүү башкармалыгы

ҮББКБ Үй-бүлөнү жана балдарды колдоо бөлүмү

ОМСУ жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы

ӨЭУ өкмөттүк эмес уюм

## Ушул Усулдук көрсөтмөдө колдонулуучу негизги түшүнүктөр

**пробация -** бул инсанды социалдык изилдөөгө негизделген жана пробациянын кардарларын түзөөгө, алардын укук бузууларды жасоосунун алдын алууга, аларга социалдык көмөк көрсөтүүгө жана аларга карата кайра социалдаштыруу боюнча чараларды көрүүгө багытталган жеке социалдык-укуктук программаларга алардын ыктыярдуу катышуусунда аларга карата мамлекеттик мажбурлоо, коомдук таасир этүү чараларынын комплексин колдонуучу мамлекеттин социалдык-укуктук институту;

**пробациялык көзөмөл -** пробациянын кардарларына сот тарабынан аларга жүктөлгөн милдеттердин аткарылышы жана алардын жүрүм-турумуна контроль боюнча пробациялык көзөмөлдө турган адамга карата аны оң жолго салуу жана кайра социалдаштыруу, жүрүм-турумун түзөө, ошондой эле алардын жаңы укук бузууларды жасоолорун алдын алуу максатында жеке иштелип чыгуучу жана ишке ашырылуучу социалдык-укуктук мүнөздөгү чаралардын комплексин колдонуу боюнча пробация органынын иши;

**пробация органы -** коомдон обочолонтуу жана жазык-укуктук таасир этүүнүн мажбурлоо чаралары менен

байланышпаган жазык жазаларын аткарууну, түзөтүү мекемелеринен мөөнөтүнөн мурда шарттуу бошотулган адамдарга көзөмөлдү социалдык-укуктук иш-милдеттерди аткаруу менен жүзөгө ашыруучу ыйгарым укуктуу.

**социалдык көмөк көрсөтүү -** социалдык-укуктук жардам көрсөтүүнүн жеке программаларынын негизинде пробациянын кардарлары оор турмуштук кырдаалдан арылуусуна багытталган чаралардын комплекси;

**кайра социалдаштыруу -** пробациянын кардарынын жазаны же жазык-укуктук таасир этүүнүн мажбурлоо чарасын өтөгөндөн кийин аны коомго оң интеграциялоого түрткү берүүчү социалдык байланыштарды калыбына келтирүү процесси;

**социалдык-укуктук жардам көрсөтүүнүн жеке программасы -** пробация органы тарабынан түзүлүүчү пробациянын кардарынын инсандыгын жана керектөөлөрүн иликтөөгө негизделген социалдык-укуктук жардам көрсөтүү программасы;

**оор турмуштук кырдаал -** адамдын алардын кесепеттеринен өз алдынча арыла албаган укук бузууларды жасоонун себептери жана шарттары болуп саналган объективдүү жана жеке кырдаалдардын жыйындысы;

**пробация тутуму -** пробациянын милдеттерин аткарууга жана максаттарына жетишүүгө тартылган пробация органдарынын, мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, коомчулуктун жыйындысы;

**социалдык турак жай -** мамлекеттик, муниципалдык же жеке менчикте турган жана пробациянын кардарларынын туруктуу же бактылуу жашап туруусу үчүн арналган турак жайлар, анын ичинде адистештирилген турак жай фондунун турак жайлары.

## Киришүү

Пробация институтун колдонуу боюнча чет өлкөлөрдүн тажрыйбасы көрсөтүүдө, ал жалпы кылмыштуулукту натыйжалуу алдын алат, криминологиялык рецидив менен байланышкан кайрадан кылмыштуулуктун жасоосун азайтып, кылмышкердин инсандыгын андан ары криминалдаштырууну чектейт жана мамлекеттин пенитенциардык тутумун сактоого кеткен чыгымдарды азайтып, "түрмөдөгүлөрдүн" санын кыскартууга жигердүү өбөлгө түзөт.

Пенитенциардык изилдөөлөрдүн эл аралык борборунун (ICPS) 2017-жылга карата маалыматтары боюнча Кыргызстан түрмөдөгү адамдардын рейтингинде 87-орунду ээлейт - 100000 адамга 167 камалган адам. Мында Европанын өнүккөн өлкөлөрүндө бул көрсөткүч бир кыйла аз экенин белгилей кетүү керек. Мисалы, Германия 166 - орунду ээлейт - 100000 адамга 78 камалган адам; Норвегия 173 - орунда - 100000 адамга 70 камалган адам; Нидерланды 175 - орунда - 100000 адамга 69 камалган адам; Швеция - 194-орунда - 100000 адамга 53 камалган адам. Жогорудагы өлкөлөрдөгү түрмөдөгүлөрдүн мындай аз сандары пробация институнун натыйжасында жетишилди.

Камакта жатканды түзөө жана социалдык жактан кайра тарбиялоо максатында көптөгөн өлкөлөрдө түрмөдө кармоого эң жакшы альтернатива катары каралган, соттолуучуну түрмөнүн кыйратуучу таасирине алдырбай жеңилирээк реабилитациялоого өбөлгө түзгөн, кылмышкерлердин белгилүү бир категориясын түзөөнүн реалдуу келечегин сактаган, түрмөдөгүлөрдүн санын толтуруу коркунуч жокко чыгарган пробация институту киргизилген.

2019-жылдын 1-январынан тартып күчүнө кирген "Пробация жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы сот реформасынын алкагында 2017-жылы кабыл алынган.

Жогорудагы мыйзамга ылайык Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин алдында Пробация департаменти жана анын жана анын аймактык бөлүмдөрү түзүлгөн.

Статистикалык маалыматка ылайык Пробация департаментинде 2020-жылы 12100 пробация кардары эсепте каттоодо турган. Пробация органынын негизги милдеттеринин бири пробациянын кардарларын, анын ичинде ювеналдык пробациянын кардарларын кайра социалдаштыруу болуп эсептелет.

Пробациянын кардарларын ийгиликтүү кайра социалдаштыруу максатында пробация органына пробациянын кардарларын, анын ичинде ювеналдык пробациянын кардарларын кайра социалдаштырууга көмөк көрсөтүшкөн жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын алдында Пробация боюнча кеңештери түзүлгөн.

# 1-ГЛАВА. ЭЛ АРАЛЫК СТАНДАРТТАРГА СЕРЕП

**Эл аралык стандарттар эки категорияга бөлүнөт:**

**1. Катышуучу мамлекеттер үчүн милдеттүү юридикалык күчкө ээ болгон Конвенциялар.** Бул деген адам укуктары боюнча эл аралык мыйзамдарга ылайык мамлекеттер ошол мыйзамдардын жоболорун урматтоого, коргоого жана аткарууга милдеттүү экенин жана улуттук мыйзамдарда, саясатта жана практикаларда мындай милдеттенмелер кандайча аткарылып жатканын чагылдыруу менен отчет берүүсүн билдирет.

Ар бир келишимдин жоболорунун аткарылышы боюнча ар бир келишимге тиешелүү эксперттер комитети тарабынан байкоо жүргүзүлөт.

Адам укуктарын сактоо максатында Кыргыз Республикасы төмөнкү Конвенцияларды ратификациялаган:

- Адам укуктарынын жалпы декларациясы (1948)
- Адам укуктарын жана негизги эркиндиктерди коргоо жөнүндө Европа конвенциясы (1950)
- Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакты (1966)
- Экономикалык, социалдык жана маданий укуктар жөнүндө эл аралык пакты (1966)
- Кыргыз Республикасынын аялдарга карата басмырлоонун бардык түрлөрүн жоюу жөнүндө Конвенциясы (1979)
- Расалык дискриминациянын бардык түрлөрүн жоюу жөнүндө эл аралык Конвенция (1979)
- Кыйноого жана башка ырайымсыз, адам жасагыс же адамдын кадырын кемсинтүүчү мамилелердин түрлөрүнө жана жазалоолорго каршы БУУнун Конвенциясы (1984)
- Бала укуктары боюнча БУУнун конвенциясы (1989)
- Майыптардын укуктары жөнүндө БУУнун Конвенциясы (2006)

**2. Жазык сот өндүрүшү жаатындагы мыйзамдарга жана реформаларга тиешелүү адам укуктарынын стандарттары** БУУнун келишимге кирбеген келишимдеринде да чагылдырылган: декларацияларда, рекомендацияларда, принциптерде, жүрүм-турум кодекстеринде жана көрсөтмөлөрдө. Бул документтер келишимдик базаны толуктайт, олуттуу моралдык күчкө жана практикалык колдонууга ээ. Алардын баалуулугу көп сандаган мамлекеттердин таануусунан көрүнөт. Төмөндө

конвенциялар белги менен белгиленген, ал эми стандарттар, нормалар жана көрсөтмөлөр эч кандай түрдө белгиленген эмес.

Адам укуктарын сактоо үчүн төмөнкү стандарттар кабыл алынган:

- Эркиндигинен ажыратылган жашы жете электерди коргоо жөнүндө БУУнун минималдуу стандарттарынын эрежелери (Гавана эрежелери);
- Альтернативдүү жазаларга карата БУУнун минималдуу стандарттарынын эрежелери (Токио эрежелери);
- Ювеналдык юстиция боюнча БУУнун минималдуу эрежелери (29-ноябрь, 1985 -жыл, тиркеме) (Пекин эрежелери);
- Жашы жете электер арасындагы кылмыштуулуктун алдын алуу үчүн Бириккен Улуттар Уюмунун жетекчилик принциптери (Эр –Рияддын жетекчилик көрсөтмөлөрү).

Эл аралык стандарттарга ылайык, кылмыш жазасынын максаты болуп концептуалдуу түрдө күнөөлүү адамды түзөө жана кайра тарбиялоо болуп саналат. Соттолгон адам менен реабилитациялык иштер соттолгондон кийин дароо башталышы, ошондой эле пробациянын кардарларын кайра социалдаштыруу үчүн ага ар кандай колдоо көрсөтүлүшү керек экендигин эл аралык стандарттар баса белгилейт. Колдоонун түздөн-түз максаты болуп кайра кылмыштардын жасалышын алдын алуу жана коомдун жыргалчылыгы саналат.

## 2-ГЛАВА. «ПРОБАЦИЯ ЖӨНҮНДӨ» КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

“Пробация жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы 2017-жылдын 24-февралында кабыл алынган, 2019-жылдын 1-январында күчүнө кирген.

**Пробациянын укуктук негизин төмөнкүлөр түзөт:**

- Кыргыз Республикасынын Конституциясы;
- Кыргыз Ресупбликасынын Жазык кодекси;
- Кыргыз Рсеупбликасынын Жоруктар жөнүндө кодекси;
- Кыргыз Ресупбликасынын Жазык-процесстик кодекси;
- Кыргыз Республикаснын Жазык-аткаруу кодекси;
- Пробация чөйрөсүндөгү укуктук мамилелерди жөнгө салган Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укутук актылары.

Коомдун жана мамлекеттин коопсуздугун камсыз кылуу, пробациянын кардарларын түзөө жана кайра социалдаштыруу үчүн шарттарды түзүү, алардын жаңы укук бузууларды жасоосун эскертүү **пробациянын максаттары болуп саналат**

**Пробациянын милдеттери:**

1) коомдон обочолонтууга байланышпаган жазык жазаларын жана жазык-укуктук таасир этүүнүн мажбурлоо чараларын жазык аткаруу мыйзамдарында белгиленген тартипте аткаруу;

2) белгилүү бир мөөнөткө эркиндигинен ажыратуу (мындан ары - эркиндигинен ажыратуу) түрүндө жазадан шарттуу-мөөнөтүнөн мурда бошотулган адамдарга көзөмөлдү жүзөгө ашыруу;

3) жүрүм-турумду түзөө, укукка баш ийген жашоо ыңгайын калыптандыруу;

4) пробациянын кардарынын ким экендигин иликтөө, социалдык-психологиялык портретти түзүү;

5) пробациянын кардарларынын укуктарын, эркиндиктерин жана мыйзамдуу таламдарын камсыз кылуу;

6) пробациянын кардарын жабырлануучу менен жараштыруу;

7) пробациянын кардарлары тарабынан укук бузуулардын жасалышын алдын алуу;

8) социалдык жана реабилитациялык программаларды ишке ашырууну координациялоо;

9) тескери мүнөздөлүүчү пробациянын кардарларынын башка пробациянын кардарларына терс таасир этүүсүн жокко чыгаруу;

10) пробациянын кардарларына карата коомдун стигмасын жокко чыгаруу жана андан арылуу.

**Пробациянын максаттарына жетишүү жана милдеттерин аткаруу төмөнкүдөй формаларда жүзөгө ашырылат:**

1) жазык-аткаруу мыйзамдарына ылайык пробациянын кардарларына контролдук жана көзөмөлдүк кылуу жана тарбиялык таасир этүү;

2) пробациянын кардарларына оор турмуштук кырдаалдан чыгууда жана кайра социалдаштырууда көмөк көрсөтүү, жеке социалдык укуктук программаларды иштеп чыгуу жана ишке ашыруу;

3) түзөтүү процессине коомчулукту тартуу;

4) пробациянын кардарын жабырлануучу менен жараштыруу жол-жоболорун жүргүзүүгө көмөк көрсөтүү;

5) мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын түзөтүү мекемелери жана пробациянын кардарлары менен өз ара аракеттенүүсү;

6) жазык-процесстик мыйзамдарда белгиленген тартипте жазык процессинин сотко чейинки баскычында адамдарды, ошондой эле эркиндигинен ажыратуу түрүндөгү жазаны өтөөдөн мөөнөтүнөн мурда шарттуу бошотулууга тийиш болгон соттолгондорго социалдык изилдөөнү жүзөгө ашыруу.

## ПРОБАЦИЯНЫН ТҮРЛӨРҮ

Пробация аны колдонуунун милдеттерине жана стадиясына жараша төмөнкүдөй түрлөргө бөлүнөт:

1) **сотко чейинки пробация** - айыпталуучуга карата колдонулуучу жана анын ким экендигин социалдык-психологиялык изилдөөдөн турган пробация, анын жыйынтыктары боюнча пробациялык баяндама түзүлөт.

2) Аткаруу пробациясы – “Пробация жөнүндө” КР Мыйзамынын 5-беренесинин 1-бөлүгүндөгү 1-3-пункттарда көрсөтүлгөн пробациянын кардарларына оор турмуштук кырдаалдан чыгууда көмөк көрсөтүү, алардын жүрүм-турумун жана аларга жүктөлгөн милдеттердин аткарылышын контролдоо жана көзөмөлдөө боюнча жазык-укуктук чараларды колдонуу боюнча социалдык-укуктук чаралардын жыйындысы.

3) **пенитенциардык пробация** - соттолгондорго карата колдонулуучу жана пробация органдарынын, мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, түзөтүү мекемелеринин администрацияларынын, коммерциялык эмес уюмдар менен пробациянын кардарларынын аларды түзөтүү мекемелеринен бошотууга даярдоо боюнча биргелешкен ишинен турган пробация.

4) **пенитенциардан кийинки пробация** - түзөтүү мекемелеринен мөөнөтүнөн мурда шарттуу бошотулган адамдарга карата колдонулуучу жана аларды кайра социалдаштыруу максатында социалдык колдоо көрсөтүү боюнча иш жүргүзүүдөн турган пробация.

**МААНИЛҮҮ!** Аткаруу, пенитенциардык жана пенитенциардан кийинки пробацияда пробация органы, мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары пробациянын кардарларына кайра социалдаштырууда жана оор турмуштук кырдаалдан чыгууда көмөк көрсөтөт, ал жеке мамиле жасоого, пробациянын кардарынын ким экендиги жана муктаждыктары жөнүндө маалыматты талдоого негизделген.

### Сотко чейинки пробация

Сотко чейинки пробация айыпталуучуга карата пробациялык баяндаманы даярдоо жөнүндө соттун талабы боюнча жүзөгө ашырылат.

Сотко чейинки пробация - айыпталуучуга карата колдонулуучу жана анын ким экендигин социалдык-психологиялык изилдөөдөн турган пробация, анын жыйынтыктары боюнча пробациялык баяндама түзүлөт.

Сотко чейинки пробация маалыматтарды чогултуунун ыжана баалоонун негизинде айыпталуучунун ким

экендигин социалдык-психологиялык изилдөө формасында жүзөгө ашырылат.

**МААНИЛҮҮ!** Маалыматтарды чогултуу өнөкөт тобокелдиктерин жана кардардын криминогендик муктаждыктарын, ошондой эле аны коомдон обочолонтпостон түзөө мүмкүнчүлүктөрүн аныктоо менен айыпталуучунун ким экендигине объективдүү баа берүүнү жүргүзүүнү камсыз кылууга тийиш.

Жыйналган маалыматтардын жана аларды баалоонун негизинде, коомдон обочолонтуу менен байланышпаган жазык жазаны жана жазык-укуктук таасир этүүнүн мажбурлоо чараларын колдонуу мүмкүндүгү жөнүндө сунуштамалар чыгарылат, бул жөнүндө пробациялык баяндама түзүлөт.

## Пробациялык баяндама

***Жөнөтүлгөндүгү жөнүндө маалыматтар***
*Датасы 01.07.2021-ж.*
*Айыл (шаар) Бишкек*
*Пробация органынын кызматкеринин, адисинин аты-жөнү: Оморов Темирлан Арстанбекович*

1. ***Пробациялык баяндаманын демилгечиси жөнүндө маалымат:***

*Соттун аталышы::      Октябрь райондук соту*

*Судьянын аты-жөнү: Эсенбаев Н.Б.*

*Талап келип түшкөн дата: 01.06.2021-ж.*

*Кылмыш ишинин номери: УД-001/21. Б2*

*Кылмыштардын жана жоруктардын бирдиктүү реестриндеги каттоо номери: 03-055-2019-001348*

2. ***Кардардын жеке маалыматтары***

*Аты-жөнү: Бектурганов Азамат Саматович*
*Туулган датасы: 11.06.1956-ж.*

*Жашаган дареги: Бишкек шаары, 3-кичи район 8-үй 24 батир*
*Жарандыгы: Кыргызстан*
*Идентифкациялык жеке номери: 211061956600197*

**Айыпталган беренеси:** *258-берене. Тоо-кен, курулуш, жарылуу кооптуулугу бар же башка жумуштардын коопсуздук эрежелерин бузуу. Этиятсыздыктан оор зыян келтирген тоо-кен, курулуш же жарылуу кооптуулугу бар жумуштарды алып барууда коопсуздук эрежелерин атайылап же этиятсыз бузуу.*

**3. Пробациялык баяндама түзүүгө негиз болгон документтердин тизмеги:**

1. *Соттун пробациялык баяндаманы даярдоого талабы*
2. *Адамдын соттолгондугу же соттолбогондугу жөнүндө маалым кат*
3. *Иштеген жеринен мүнөздөмө*
4. *Ден соолугунун абалы тууралуу маалым кат*
5. *Республикалык наркология борборунун маалым каты*
6. *Республикалык психикалык ден соолук борборунун маалым каты*
7. *Жашаган жеринен жана үй-бүлө курамы жөнүндө маалым кат.*
8. *Кошуналарынын мүнөздөмөлөрү*

**4. Пробациянын кардарына карата маалыматты берген жактардын тизмеси**

*Пробациянын кардарына карата маалыматты берген адамдардын болушу: бар*
*1)Аты-жөнү: Каипова Нургуль Медеровна, 12.04.1979-ж. туулган, кардардын жубайы.*
*2)Аты-жөнү: Бектурганов Азамат Азаматович, 04.06.1998-жылы туулган, кардардын уулу.*
*3)Аты-жөнү: Бектурганова Даяна Азаматовна, 23.10.2001-жылу туулган, кардардын кызы.*
*4)Аты-жөнү: Асылбекова Айдана Кадыровна, кардардын коңшусу.*
*5) Аты-жөнү: Жыргалбеков Нурлан Осмонович, кардардын коңшусу.*
*6) Аты-жөнү: Касымов Мирлан Молдокулович, кардардын коңшусу .*

**5. Мурда жазык жоопкерчилигине тартылгандыгы жөнүндө маалыматтар**

*Жок/бар:жок*

**6. Кошо катышуучулар жөнүндө маалыматтар**
*Ушул же ага байланышкан иш боюнча өтүп жаткан башка айыпталуучулардын болушу: жок*

***7. Жабырлануучу жөнүндө маалыматтар:***

*Жабырлануучулардын болушу: жок*
*жабырлануучунун маалыматы:*

***8. Жашаган жерин алмаштыруу тарыхы***

*Жашаган жерин алмаштыруу тарыхы:*
*Туруктуу жашаган турак жайынын болуу фактысы: Ооба*
*Жашагандыгынын негизи: Кыргызстан, Бишкек шаары, 3-кичи район, № 8-үй, 24-батир*

***9. Туугандык байланышы жана үй-бүлөлүк абалы***

*Балдарынын болушу: бар*
*Ата-энелик укуктан ажыратуу же чектөө фактысы: жок*
*Ата-энелик укугунан ажыратылган/ата-энелик укугуна чектөө коюлган: жок.*
*Үй-бүлө жана башка социалдык байланыштар жөнүндө маалымат:*
*Жубайы: Каипова Нургуль Медеровна, 12.04.1979-жылы туулган.*
*Уулу: Бектурганов Азамат Азаматович, 04.06.1998-жылы туулган.*
*Кызы: Бектурганова Даяна Азаматовна, 23.10.2001-жылы туулган.*

***10.Дене бою жана психикалык ден соолугу жөнүндө маалымат***

*Тышкы келбети жана өзгөчө белгилери: Орто бойлуу, дене түзүлүшү арыкчырай, күрөң көздүү, муруту менен түз мурундуу, кыска кыркылган ак чачтуу, көз карашы терең, жеңил басат. Жупупну кийинет.*
*Өнөкөт ооруларынын болушу: жок*
*Дарылоо курсунан өтүү: белгисиз*
*Кыянаттыгы жөнүндө маалыматтар: "кыянаттык кылган эмес*
*Психикалык жана/же эмоциялык бузулууларынын болушу: жок*

***Инсандын психологиялык мүнөздөмөсү:*** Эмоционалдык *фон: эмоционалдык реакцияларды контролдоодо эрки жогору. Тынчсызданууну токтото алууга жөндөмдүү, өзүнүн жүрүм-турумун жана эмоциясын жакшы башкара билет. Өзүнө ишенет, кризистик кырдаалдарда өзүн башкарууну, тикелей каалоолорун токтотууну, жүрүм - турумун белгилүү бир эрежелерге баш ийдирүүнү жана башка адамдардын кызыкчылыктарын эске алууну билет.*

***Корутунду:*** *Жыйынтыгында Бектургановду А.С., активдүү жана мобилдүү, ачык, комуникабелдүү адам*

*катары мүнөздөлөт деп айтууга болот. Адамдардар менен мамиле кылууда эч кандай көйгөй жок. Сынды тынч кабыл алат, өзүнө объективдүү баа бере алат. Эмгекчил, достуука ачык, бейкапар, активдүү, баарлашуучу, жоопторго ачык, чыдамсыз, эмгекчил, энтузиаст, компаниянын "жаны"*
*Адаттар жана көндүмдөр: Жок*
*Жасалган кылмышка мамилеси тууралуу маалымат: Күнөөсүн жарым-жартылай моюнга алат, мурда соттолгон эмес.*

**11.*Социалдык статусу жөнүндө маалымат:***

***Социалдык статусу:***
*Бектурганов Азамат Саматович, 1956-жылдын 11-июнунда Жалал-Абад облусунун Токтогул районунун Торкен айылында туулган. 1963-1973-жылдары орто мектепте окуган. 1975-жылы Фрунзедеги политехникалык институттун архитектура факультетине тапшырган. Аны 1980-жылы бүтүрүп, "архитектор" адистигине ээ болгон. 1980-1991-жылдары Ош шаарындагы долбоорлоо институттарында иштеген. 1991-1996-жылдары Ош технологиялык университетинин курулуш факультетинин ага окутуучусу болуп иштеген. 1997-жылы "Ош Ак-Таш" акционердик коомунун конструктордук бюросунун башчысы болуп иштеген. 2004-жылы Бишкек шаарына көчүп келген, ошондон бери курулуш уюмдарында эмгектенет.*

*Жумуш статусу: курулуш компаниясында иштейт*
*Финансылык абалы: 30000 сом өлчөмүндөгү орточо туруктуу киреше*

***Турак-жай жана социалдык-тиричилик шарттары:***
*Учурда Бишкек шаары, 3 кичи район, 8-үй, 24-батир дареги боюнча үй -бүлөсү менен жашайт, батир 3 бөлмөдөн турат, батирдин жалпы аянты 68 м^2. Бардык керектүү тиричилик техникасы жана эмеректер бар. Батирдин санитардык абалы канааттандыраарлык, ал боюнча акт түзүлгөн.*

***Ден соолугунун абалы:***
*"Үй-бүлөлүк дарыгерлер борбору" мекемесинен алынган 15.06.2021-ж. медициналык справкага ылайык айыпталуучу А.С.Бектургановдун ден соолугу жакшы.*

***Билими:***
*Жогорку. 1980 -жылы Фрунзе политехникалык институтун, Архитектура факультетин бүтүргөн деген ЕВ №117125 дипломунун көчүрмөсү бар.*
*Турмуштук оор абалга алып келген башка жагдайлар: белгисиз*

**12.*Талдоо жана корутундулар***

*Кооптуулуктарды талдоо: 1-кооптуулуктун төмөнкү даражасы*

*Криминогендик муктаждыктарды талдоо (тобокелдиктин динамикалык факторлору): пробациялык отчетту даярдоо процессинде чогултулган маалыматтар Бектурганов Азамат Саматовичтин жеке сапаттары кайра социалдашуу үчүн оң ресурстарга ээ экенин көрсөтөт. Социалдык жагдайлары жана жашоо шарттары канааттандырарлык. Жогоруда айтылгандарды эске алуу менен пробация органы анын түрмөдөн сыртта турушу оор турмуштук абалдан чыгууга жана коомдо кайра социалдашууга шарт түзүшү мүмкүн деп эсептейт.*

*Коомдон обочолонбостон аны оңдоого болот. Пробациялык көзөмөлдү колдонуу менен айыпталуучуга төмөнкү милдеттер жүктөлөт:*

*1. Барларга, кафелерге, ресторандарда жана башка көңүл ачуучу жерлерге барбоо.*

*2. Бош убактысында (жумуш, окуу ж.б.) белгилүү бир убакта жашаган жеринде болуу.*

*3. Пробация органынын талабы боюнча сот жүктөгөн милдеттердин аткарылышы жөнүндө кабарлоо.*

*4. Пробация органдарында социалдык жардам алуу үчүн жеке программадан өтүү.*

## Аткаруу жана пенитенциардан кийинки пробация

Аткаруу жана пенитенциардан кийинки пробацияда жазаны жана жазык-укуктук таасир этүүнүн мажбурлоо чараларын аткаруу процессинде пробациянын кардарларына көзөмөл пробация органдары тарабынан жазык-аткаруу мыйзамдарында белгиленген тартипте жүзөгө ашырылат.

Аткаруу жана пенитенциардан кийинки пробация мезгилине пробация органы тарабынан пробациянын кардарынын катышуусу менен пробациялык көзөмөлдүн планы иштелип чыгат.

**Үлгү**

***Пробациялык көзөмөлдүн планы***

***1. Кардардын аты-жөнү:*** *Мендебаева Гулнур Бейшеновна.*

***2. Тизме:***

*2.1. Көзөмөлдөө талаптары: ________________________*

*2.2. Мыйзамдарда белгиленген пробациялык милдеттер:*

*1. Сот пробациялык көзөмөл белгиленген соттолгонго карата төмөнкүдөй көзөмөл талаптарын аткарууну жүктөйт:*

*1) соттун өкүмү мыйзамдуу күчүнө кирген учурдан тартып он күндүн ичинде жашаган жери боюнча пробация органына келүүгө;*
*2) пробация органынын уруксатысыз өлкөнүн же административдик-аймактык бирдиктин чегинен чыкпоого;*
*3) пробация органына жашаган жери, иши же окуусу жөнүндө, ошондой эле алар өзгөргөндүгү тууралуу кабарландырууга;*
*4) пробация органынын кызматкеринин мыйзамдуу талабынын негизинде жумуш убактысында пробация органына мезгил-мезгили менен келип турууга;*
*5) жашаган жеринен кыска мөөнөткө чыгып кетүү зарылдыгы болгондо, пробация органынан уруксат алууга.*

*Тааныштым: Мендебаева Г.Б.*
*Колу:*
*2021-жылдын 15-июлу.*

***3. Сот жана пробация органы тарабынан жүктөлгөн милдеттерди аткаруунун тартиби жана шарттары:***
*1) соттун өкүмү мыйзамдуу күчүнө кирген учурдан тартып он күндүн ичинде жашаган жери боюнча пробация органына келүүгө;*
*2) пробация органынын уруксатысыз өлкөнүн же административдик-аймактык бирдиктин чегинен чыкпоого;*
*3) пробация органына жашаган жери, иши же окуусу жөнүндө, ошондой эле алар өзгөргөндүгү тууралуу кабарландырууга;*
*4) пробация органынын кызматкеринин мыйзамдуу талабынын негизинде жумуш убактысында пробация органына мезгил-мезгили менен келип турууга;*
*5) жашаган жеринен кыска мөөнөткө чыгып кетүү зарылдыгы болгондо, пробация органынан уруксат алууга;*
*6) пробация органы тарабынан дайындалган кайра социалдаштыруу программасына катышууга.*

*Тааныштым: Мендебаева Г.Б.*
*Колу:*
*2021-жылдын 15-июлу.*

***4. Барууլардын мезгилдүүлүгү:*** *Графикке ылайык бир айда эки жолу.*

***5. Жиберилген суроо талаптар:*** *РНБ, РПДСБ, ИИМ, МКК, СӨБ,ЖӨБО*

______________________________________________
______________________________________________
______________________________________________
______________________________________________

***5.1. Алынган суроо талаптар:*** *РНБ, РПДСБ, ИИМ, МКК*
______________________________________________

______________________________________________________
______________________________________________________
______________________________________________________

***6. Жашаган жерине, ишине жана окуусуна баруулардын саны:*** *Кардардын жашаган жерине, ошондой эле окуган жерине чыгуу менен пробация органы мониторинг жүргүздү.*

*7****. Байланыш аркылуу ден соолугунун абалы****, окуудагы ийгилиги, үй -бүлө менен болгон мамилеси текшерилет.*
______________________________________________________
______________________________________________________
______________________________________________________
______________________________________________________

***8. Электрондук көзөмөлдүн колдонулгандыгы тууралуу маалымат:***
______________________________________________________
______________________________________________________
______________________________________________________
______________________________________________________

***9. Бекитилген волонтер жөнүндө маалымат:****: Байзакова Гульмира, социалдык ишкер.*

***9.1. Өз ара мамилесинин тартиби:*** *Байзакова Гүлмира кардар менен аны түзөө боюнча оффлайн жана онлайнрежимдеринде түшүндүрүү иштерин жүргүзөт.*

***9.2. Волонтер жасаган иштин жыйынтыгы:*** *Байзакова Гүлмира "Пробация жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык кардарга анын түзөлүүгө мүмкүнчүлүгү бар экенин жана мыйзам мындай мүмкүнчүлүктү берерин түшүндүрдү. Буга байланыштуу мамлекеттик органдар оор турмуштук абалдан чыгуу үчүн ага ар тараптуу жардам көрсөтүшөт. Ошол эле учурда, кардар соттун жана пробация органынын бардык талаптарын соттун өкүмүнө ылайык аткарышы керек экендигин түшүндүрдү.*

***10. Социалдык-укуктук жардам көрсөтүүнүн жеке программасынын болушу же жоктугу:*** *пробация органы кардардын муктаждыктарын эске алуу менен жеке программа иштеп чыкты. Кардар жеке программа менен тааныш жана оор турмуштук абалдан чыгуу үчүн программанын катышуучусу болууга макул.*

***11. Берилген эскертүүлөрдүн саны:*** *Пробация органы 2021-жылдын 16-июлунда пробация органынын эрежелерин бузгандыгы үчүн пробация кардарына эскертүү берген.*

_______________________________________________
_______________________________________________
_______________________________________________
_______________________________________________
*(берилген эскертүүлөрдүн датасын көрсөтүү менен)*

***12. Сотко жиберилген сунуштар жөнүндө маалыматтар:***

_______________________________________________
_______________________________________________
_______________________________________________
_______________________________________________

***13. Өткөрүлгөн башка иш-чаралар жөнүндө маалыматтар:*** өткөрүлдү

***14. Планды ишке ашырууга тартылган жеке жана юридикалык жактар, ошондой эле катышкан башка органдар***

_______________________________________________
_______________________________________________
_______________________________________________
_______________________________________________

***Планды түзгөн кызматкер:*** *Бишкек шаарынын Ленин районундагы пробация органынын жетектөөчү адиси Бормоков Максат. (М.О.)*

*Пробациялык көзөмөлдөө планы менен тааныштым жана макулмун:*
*Мендебаева Г.Б.*
*Колу:*
*2021-жылдын 15-июлу*

***15. Өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилди:*** *керектөөлөрдүн иликтөөсүнө негизделген Социалдык-укуктук жардам көрсөтүүнүн жеке программасына.*

*Тааныштым: Мендебаева Г.Б.*
*Колу:*
*2021-жылдын 15-июлу.*

***16. Орто аралык корутунду:*** *мониторингдин натыйжасында жекече программа толугу менен аткарылбай жаткандыгы аныкталды. Өзгөчө жумуш менен камсыз кылуу жаатында, анткени кардар рынокто керектүү көндүмдөргө ээ эмес. Буга байланыштуу кардарды ишке орноштуруу бөлүмү аркылуу кесиптик курста окууга чакырышат.*
*Тааныштым: Мендебаева Г.Б.*
*Колу:*
*2021-жылдын 28-июлу.*

***17. Жыйынтыктоочу корутунду:*** *Кардардын муктаждыктары аныкталды, жекече жардам берүү боюнча программа түзүлдү. Кардар анын кайра социалдашуусу боюнча берилген көмөккө канааттанды.*

***Корутундуну пробация органынын кызматкери түздү:*** *Социалдык маселелер боюнча жетектөөчү адис Бормоков Максат.*

*Тааныштым: Мендебаева Г.Б.*
*Колу:*
*2021-жылдын 28-июлу.*

## Социалдык-укуктук жардам көрсөтүүнүн жеке программасы

Аткаруу, пенитенциардык жана пенитенциардан кийинки пробацияда пробация органы, мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары пробациянын кардарларына кайра социалдаштырууда жана оор турмуштук кырдаалдан чыгууда көмөк көрсөтөт, ал жеке мамиле жасоого, пробациянын кардарынын ким экендиги жана муктаждыктары жөнүндө маалыматты талдоого негизделген.

Пробация органынын аймактык бөлүмүнүн кызматкери "Пробация жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 9-беренесине ылайык кайра социалдаштыруу жана оор турмуштук абалдан чыгаруу максатында пробациянын кардары, анын ичинде ювеналдык пробациянын кардары жөнүндө маалымат чогултат.

Маалымат жана ага баа берүү пробация органы тарабынан иштелип чыгуучу социалдык-укуктук жардам көрсөтүүнүн жеке программасында чагылдырылат.

> ***Адиске жардам***
>
> Муктаждык адамдын жашоосун жана бүтүндөй коомдун жашоосун сактоо жана өнүктүрүү үчүн керектүү нерсеге болгон муктаждыктын абалы катары аныкталат. Бул – бар нерсе менен дагы кандай болушу керек дегендин ортосундагы айырмасы (ажырымы).

Пробация органынын аймактык бөлүмүнүн кызматкери пробациянын кардарынын керектөөлөрүнө баа берет. Кардардын керектөөлөрүн аныктоо үчүн пробация

органынын аймактык бөлүмүнүн кызматкери мамлекеттик органдарды жана жергиликтүү бийликти тартууга укуктуу.

***Адиске жардам***

*Америкалык илимпоз Абрахам Маслоунун муктаждыктар теориясына ылайык, адамдын керектөөлөрүнүн беш негизги категориясы бар: физиологиялык, коопсуздук, социалдык, баалоо жана өзүн-өзү көрсөтүү керектөөлөрү.*

**Физиологиялык керектөөлөр -** бул адамдын жашоосун камсыз кылган муктаждыктар. Эң мүнөздүү физиологиялык керектөөлөр: тамак -аш, суусундук, кийим-кече, турак жай, үй -бүлөңүз менен жашоо мүмкүнчүлүгү.

**Коопсуздук керектөөлөрү -** адамдын жана анын үй -бүлөсүнүн туруктуулугун камсыздоо муктаждыктарын мүнөздөйт. Мындай керектөөлөрдүн мисалы: үй коопсуздугу, медициналык камсыздандыруу, жумуш, финансылык резервдер ж.б.

**Социалдык керектөөлөр** - бул адамдын жашаган коому менен социалдык баарлашуу жана баарлашуу муктаджыктарын камсыз кылган керектөөлөр. Мисалы: достук, сүйүү, социалдык топко таандык ж.б.

**Баалоо керектөөлөрү** адамдын топтун, жамааттын же бүтүндөй коомдун деңгээлинде индивид катары урматтоого жана таанууга болгон муктаждыгын мүнөздөйт.

**Өзүн-өзү көрсөтүү керектөөсү** адамдын өзүн өнүктүрүүгө болгон муктаждыгынан жана потенциалын ишке ашыруудан турат.

Пробация органынын аймактык бөлүмүнүн кызматкери пробациянын кардарынын аныкталган муктаждыктарына негизделген Социалдык-укуктук жардам көрсөтүүнүн жеке программасын (мындан ары - Программа) түзөт жана пробация органынын райондор аралык башкармалыгынын жетекчисине бекитүүгө киргизет.

Программанын иш-чараларын аткаруу мамлекеттик органдардын аймактык бөлүмдөрүнүн жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жетекчилерине жана кызмат адамдарына жүктөлөт.

**Үлгү**

*Токтоналиева Аида, 2001-жылдын 29-октябрында туулган, Бишкек шаарынын Биринчи май райондук сотунун 28.12.2020-жылдагы өкүмү менен Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинин 268-беренесинин*

*1-бөлүгү боюнча кылмыш жасагандыгы үчүн күнөөлүү деп табылып, 5 жылдык мөөнөткө 500 (беш жүз) эсептик көрсөткүчтөгү айып пулду, башкача айтканда мамлекеттин кирешесине 50 000 (элүү миң) сом төлөө менен соттолгон.*

*Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинин 83-беренесинин негизинде Токтоналиевага карата 1 (бир) жылдык мөөнөткө пробациялык көзөмөл колдонулсун.*

*Соттун өкүмүнө ылайык, Токтоналиева Аида Бишкек шаарынын Свердлов районунун пробация органында катталган. Пробация органынын кызматкери төмөнкү маалыматтарды чогултту:*

*Токтоналиева Аида 2018-жылы балдар үйүн бүтүргөн, туруктуу жашаган жери жок, паспорту жок, окубайт жана иштебейт, атасы каза болуп, апасы соттун чечими менен ата -энелик укуктарынан ажыратылган .*

*Баалоо учурунда ал ижарадагы үйдө жашаганы аныкталды.*

*Баалоонун негизинде пробация кызматкери Социалдык-укуктук жардам көрсөтүүнүн жеке программасын түздү.*

**Социалдык-укуктук жардам**
**көрсөтүүнүн жеке программасы**

1. Кардардын аты-жөнү: Токтоналиева Аида, *29.10.2001-ж. т.*

2. Кардардын жеке маалыматты: *жерлиги Чүй облусу Аламедин району.*

2.1. Туруктуу же убактылуу жашаган дареги: Бишкек шаары, Тынчтык көч, 1. 58 кв. (ТСЖ маалымкаты тиркелет).

2.2. Байланыш маалыматтары (телефон жана электрондук почта): 0 700 356 143.

2.3. Окуу жана / же иштеген жери жөнүндө маалымат: окубайт жана иштебейт.

2.4. Үй-бүлө, башка социалдык байланыштар жөнүндө маалымат: бүтүрүүчү болгон кичүү сиңдиси бар.

2.5. Жоголгон үй -бүлөлүк байланыштар тууралуу маалымат: Атасы жок, апасы соттун чечими менен ата - энелик укуктарынан ажыратылган. Ошол эле учурда Аида апасы менен байланышып турат.

2.6. Бир нерсеге жакындыгы жана адаттар жөнүндө маалымат: жок.

2.7. Саламаттыгынын абалы жөнүндө маалымат: *ден соолугунун абалы канааттандырарлык.*

2.8. Психикалык абалы: п*сихологдун корутундусуна ылайык А.Токтоналиева негативизм абалында - терс реакциялар инсанда үстөмдүк кылат, позитивдүү социалдык байланыштары жоголгон. Психиатрда каттоодо турбайт.*

2.9. Психоактивдүү заттарга (алкоголь, баңгизат, психотроптук заттар) көз карандылыктын бар экендиги

жөнүндө маалымат*: А.Токтоналиеванын айтымында, психоактивдүү заттарды колдонбойт.*

2.10. Социалдык жана жашоо шарттары жөнүндө маалымат: *жашоо-тиричилик шарттарын сурамжылоого ылайык Токтоналиева А. эжеси менен батирде жашайт.*

*Райондук эмгек жана социалдык өнүгүү башкармалыгынын маалыматы боюнча А.Токтоналиева үй-бүлөнү колдоо жана балдарды коргоо бөлүмүндө катталган эмес, социалдык жөлөк пул албайт.*

2.11. Жоголгон укуктар тууралуу маалымат: А.*Токтоналиева убактылуу бекер турак жайга муктаж.*

2.12. Документтердин жоктугу же жоголгондугу тууралуу маалымат: *балдар үйүнөн чыккандан кийин 15 жашында туулгандыгы тууралуу күбөлүк менен чыгарылган.*

2.13. Билими жөнүндө маалымат: *9 -классты бүтүргөн.*

2.14. Кесиптик көндүмдөр: *эч кандай көндүмдөр.*

2.15. Социалдык керектөөлөр жөнүндө маалымат: *маникюр курсунан өтүп, андан кийин ишке орношууну каалайт.*

**Инсанды жана керектөөлөрдү изилдөөнүн, ошондой эле пробациянын кардары жөнүндө башка маалыматтардын жыйынтыгы боюнча, төмөнкү чаралар пландаштырылды:**

1. Жашаган жери боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органына убактылуу турак -жайды бекер берүү жөнүндө арыз жөнөтүү, ошондой эле жалпы жарандык паспорт алуу үчүн каттоого жардам берүү.
2. А.Токтоналиевага паспорт берүү жөнүндө Мамлекеттик каттоо кызматына сунуштама жөнөтүү.
3. Маникюр окуу курсуна жиберүү жана андан ары ишке орношуу боюнча жашаган жери боюнча Эмгек жана социалдык өнүктүрүү башкармалынын ишке орноштуруу бөлүмүнө каттоого коюу.
4. Социалдык маселелер боюнча комиссияга жана коммерциялык эмес уюмдарга айып пулду төлөөгө финансылык каражаттан көмөк көрсөтүү тууралуу кайрылуу.
5. Атасы өлгөнүн, апасы ата-энелик укуктарынан ажыратылганын эске алуу менен социалдык жөлөкпулдарды берүү боюнча социалдык өнүктүрүү башкармалыгына өтүнүч жөнөтүү.

Социалдыкукуктук жардам көрсөтүүнүн жеке программасын түзүшкөндөр:

Социалдык маселелер боюнча жетектөөчү адис: Кутманбаев Э.

Психолог: Имангазиева М.

Социалдык -укуктук жардам көрсөтүүнүн жеке программасы менен тааныштым жана макулмун: А.Токтоналиева

2021-ж. 10- август

**МААНИЛҮҮ!** Аткаруу бийлигинин органдары, алардын түзүмдүк бөлүмдөрү жана ведомстволук мекемелери пробациянын кардарларына мамлекеттик кызматтарды Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 10-февралындагы № 85 токтому менен бекитилген Мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн бирдиктүү реестрине ылайык көрсөтүшөт.

Аида Токтоналиевага Социалдык-укуктук жардам көрсөтүүнүн жеке программасын аткаруу үчүн МКК жана Социалдык өнүктүрүү башкармалыгы көрсөтүлгөн мамлекеттик кызматтарды Өкмөттүн 2012-жылдын 10-февралындагы № 85 токтомуна ылайык көрсөтүшөт.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы көрсөтүлгөн муниципалдык кызматтарды Өкмөттүн 2015-жылдын 14 -январындагы № 6 токтомуна ылайык көрсөтөт.

Пробация органынын аймактык бөлүмүнүн жооптуу кызматкери Токтоналиева Аидага Социалдык-укуктук жардам көрсөтүүнүн жеке программасын ишке ашыруу максатында Программанын айрым пункттарынын аткарылышын контролдойт.

Эгерде мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан А.Токтоналиевага Социалдык-укуктук жардам көрсөтүүнүн жеке программасын аткаруу боюнча чаралар көрүлбөсө Пробация органынын аймактык бөлүмүнүн кызматкери аткарылбай жаткан маселени Пробация боюнча кеңешке алып чыгууга укуктуу.

Пробация боюнча кеңеш мамлекеттик органдардын өкүлдөрүнүн А.Токтоналиевага карата аткарылбаган чаралары тууралуу маалыматын жыйында угат жана аткаруучуларга карата чараларды көрөт.

**МААНИЛҮҮ!** Социалдык-укуктук жардам көрсөтүүнүн жеке программасы пробациянын кардарына мамлекеттик жана муниципалдык жана башка кызматтарды көрсөтүү аркылуу оор турмуштук кырдаалдан чыгуу боюнча комплекстүү жардамдарды көрсөтүүгө багытталган.

## 3-глава. Жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын пробациядагы ролу

### Жергиликтүү мамлекеттик администрациялар

Жергиликтүү мамлекеттик администрациялар, республикалык жана областтык маанидеги шаарлардын мэриялары жергиликтүү деңгээлде пробацияга катышкан жана пробация тутумун түзгөн министрликтердин, мамлекеттик комитеттердин, администрациялык ведомстволордун аймактык бөлүмдөрүнүн жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин координациялайт.

Жергиликтүү мамлекеттик администрациялар министрликтердин, мамлекеттик комитеттердин, администрациялык ведомстволордун аймактык бөлүмдөрүнөн иш пландарын, алардын аткарылышы жөнүндө отчетторду талап кылууга, өз ыйгарым укугунун чегинде аткарууга милдеттүү болгон тиешелүү буйруктарды берүүгө укуктуу.

Аткаруу-тескөө ишинин эң маанилүү маселелерин кароо үчүн жергиликтүү мамлекеттик администрацияда коллегия - консультативдик - кеңеш берүүчү орган түзүлөт.

Жергиликтүү мамлекеттик администрациянын башчысы пробациянын кардарларын кайра социалдаштыруу жана социалдык жардам көрсөтүү бөлүгүндө “Пробация жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын аткарылышы боюнча маселени демилгелөөгө укуктуу.

Жергиликтүү мамлекеттик администрация Пробация боюнча кеңешинин ишин уюштурат.

### 3.2. Пробация боюнча кеңеш

Пробациянын милдеттерин ыкчам жана натыйжалуу чечүү үчүн жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын башчысынын чечими менен жергиликтүү мамлекеттик администрациянын алдында пробация боюнча кеңеш түзүлөт.

Пробация боюнча кеңеш жергиликтүү деңгээлдеги пробация маселелерин ишке ашыруу боюнча консультациялык жана кеңеш берүүчү орган болуп саналат.

Кеңеш төмөнкү органдардын өкүлдөрүнөн түзүлөт:

1) эмгек жана социалдык өнүктүрүү органдарынын;
2) билим берүү органдарынын;
3) саламаттык сактоо органдарынын;
4) ички иштер органдарынын;
5) калкты каттоо органдарынын;
6) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын;
7) пробация органдарынын.

Кеңештин курамына коомчулуктун (аксакалдар сотторунун, эл аралык жана коммерциялык эмес уюмдардын, эмгек жамааттардын же бизнес коомчулуктун) өкүлдөрү кириши мүмкүн.

Кеңештин төрагасы (жетекчиси) болуп жергиликтүү мамлекеттик администрациянын башчысы саналат. Кеңештин төрагасы (жетекчиси) Кеңештин ишин уюштурат, Кеңештин ишине тиешелүү арыздар жана

билдирүүлөр менен чыгат, Кеңештин мүчөлөрүнүн ортосунда милдеттерди бөлүштүрөт.

Кеңеш 7ден кем эмес адамдан турат.

Кеңештин катчылыгы:

1)Кеңештин төрагасына жыйындын күн тартибин түзүү боюнча сунуш киргизет;

2) жыйын өткөрүлүүчү күнгө чейин үч жумуш күндөн кечиктирбей, жыйындын өтүү убактысы жана жери, кароого киргизилген маселелердин тизмеси тууралуу Кеңештин мүчөлөрүнө маалымдайт;

3)Кеңештин жыйындарынын протоколдорун жүргүзөт;

4)Кеңештин жыйындарында кабыл алынган документтерди Кеңештин мүчөлөрүнө таратууну камсыздайт;

5) Кеңештин чечимдерин иштеп чыгуу жана ишке ашыруу процессин координациялайт;

6) Кеңештин иши менен байланышкан маалыматты жалпылайт.

Кеңештин негизги максаты болуп пробация институтун киргизүү жана өнүктүрүү максатында чараларды координациялоо жана мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, коомчулуктун жана башка катышуучулардын өз ара иш-аракеттенүүсү саналат. (Кеңештин башчысы үзгүлтүксүз түрдө Кеңештин катчылыгынан “Пробация жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын аткарылышы, мамлекеттик органдардын аймактык бөлүмдөрү жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан пробациянын кардарларына байланыштуу көрүлүп жаткан чаралар жөнүндө, КР ички иштер органдары тарабынан профилактикалык иш -чаралардын аткарылышы жөнүндө, мамлекеттик социалдык заказдын алкагында социалдык кызматтарды түзүү жөнүндө ЖӨБО жана мамлекеттик органдар тарабынан көрүлүп жаткан чаралар жөнүндө сурайт).

**МААНИЛҮҮ!** Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин алдындагы Пробация департаменти Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 31-декабрындагы № 641 токтому менен бекитилген Методиканын негизинде жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын пробация чөйрөсүндөгү ишинин натыйжалуулугун баалоону жүргүзөт. Баалоонун жыйынтыктары Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине жиберилет.

## Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын иши “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен жөнгө салынат.

Жергиликтүү маанидеги маселелердин айрымдары болуп төмөнкүлөр эсептелет:

- бош убакытты өткөрүүнү уюштуруу үчүн шарттарды түзүү;
- балдар жана жаштар менен иштөө боюнча иш-чараларды жүзөгө ашырууну уюштуруу;
- дене тарбиясын жана массалык спортту өнүктүрүү үчүн шарттарды камсыз кылуу.

Саналып өткөн ыйгарым укуктар ушуну менен бүттү деп эсептелбейт жана жергиликтүү жамааттар менен алардын органдарына Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тыюу салынбаган башка ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырууну чектебейт.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы "Мамлекеттик социалдык заказ жөнүндө" Мыйзамга ылайык балдар жана жаштар менен ар кандай иш - чараларды уюштурууга укуктуу.

*Адиске жардам:*

**мамлекеттик социалдык заказ** - республикалык жана/же жергиликтүү бюджеттен каржылоо менен камсыздалган, келишимдик мамилелерге негизделген, жүзөгө ашырууда юридикалык жактарды жана жеке ишкерлерди тартуу жолу менен калкка социалдык кызматтарды көрсөтүүгө же башка коомдук пайдалуу максаттарга жетүүгө багытталган республикалык, тармактык, региондук же муниципалдык социалдык программалардын бөлүгүн ишке ашыруу механизми.

## Мамлекеттик социалдык заказдын максаттары жана милдеттери

**Мамлекеттик социалдык заказдын максаттары** республикалык жана/же жергиликтүү бюджеттердин каражаттарынын эсебинен, ошондой эле юридикалык жактардын, жеке ишкерлердин жана жарандардын интеллектуалдык, кадрдык, материалдык жана башка ресурстарын тартуу жолу менен коомдун социалдык маанилүү көйгөйлөрүн чечүү жана коомдук пайдалуу максаттарга жетишүү болуп саналат.

**Мамлекеттик социалдык заказдын милдеттери:**

1) республикалык, тармактык, региондук жана муниципалдык социалдык программаларды ишке ашыруунун натыйжалуулугун жана сапатын жогорулатуу;

2) гендердик теңдикти эске алуу менен адамдын укуктарын жана эркиндиктерин камсыз кылуу чөйрөсүндөгү мамлекеттин милдеттенмелерин аткаруу;

3) социалдык кызматтарды көрсөтүү жана коомдук пайдалуу долбоорлорду жүзөгө ашыруу боюнча юридикалык жактардын жана жеке ишкерлердин ишмердигин өбөлгөлөө;

4) социалдык көйгөйлөрдү чечүүгө юридикалык жактарды, жеке ишкерлерди жана жарандарды кеңири тартуу;

5) мамлекеттик органдардын жана/же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишмердиги менен камтылбаган же жетишсиз камтылган социалдык көйгөйлөрдү чечүү;

6) социалдык чөйрөгө кошумча адамдык, материалдык, каржылык жана башка ресурстарды тартуу;

7) калкка социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү натыйжалуу берүү үчүн альтернативдүү механизмдерди түзүү;

8) социалдык кызмат көрсөтүүнүн сапатын жогорулатуу;

9) социалдык программаларды ишке ашыруу үчүн колдонулуучу мамлекеттик каражаттарды натыйжалуу пайдалануу;

10) социалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн рыногун түзүү.

**Мамлекеттик социалдык заказ төмөнкүдөй чөйрөлөрдө жүзөгө ашырылат:**

1) жарандардын социалдык жактан корголбогон категорияларын, анын ичинде турмуштук кыйын кырдаалга кабылган үй-бүлөлөрдү жана балдарды, улгайган адамдарды жана ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарды коргоо;

**2) жаштарды колдоо;**

**3) билим берүү жана агартуу;**

4) ден соолук жана дененин саламаттыгы;

5) медициналык жардам;

6) социалдык ишкердик (коомдук пайдалуу максаттардагы ишкердик иш);

7) жакырчылыктын деңгээлин кыскартуу;

8) курчап турган чөйрөнү сактоо, анын ичинде жок болуп бараткан өсүмдүктөрдү жана жаныбарларды коргоо;

**9) дене тарбиясы жана ышкыбоздук спорт;**

10) илим;

11) адабият;

12) көркөм өнөр;

13) маданият;

14) туризм;

15) адам укуктары, анын ичинде расалык, этностук, диний, гендердик же басмырлоонун ар кандай башка формаларын жоюу;

16) коомдук тартип жана коомдук ынтымак;

**16-1) пробация;**

17) мигранттарга, аргасыз көчүп келгендерге жана качкындарга жардам.

Мамлекеттик социалдык заказды жүзөгө ашырууну пландаган жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы мамлекеттик социалдык заказдын программасынын долбоорун (мындан ары - программанын долбоору) иштеп чыгат. Мамлекеттик социалдык заказдын программасынын

долбоору “Мамлекеттик социалдык заказ жөнүндө” Мыйзамдын 8-беренесине ылайык иштелип чыгат.

## Социалдык маселелер боюнча комиссия

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 21-майындагы
№ 264 токтомуна ылайык Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдарынын алдындагы Социалдык маселелер боюнча комиссия (мындан ары - Комиссия) жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдарынын - шаарлардын мэриялары, айыл өкмөттөрү тарабынан түзүлөт, өз ишин мезгилдүү негизде ишке ашыруучу жумушчу орган болуп эсептелет.

**Комиссиянын негизги милдеттери:**

– турмуштук оор кырдаалга кабылган үй-бүлөлөрдүн жана балдардын, улгайган жарандардын жана ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдардын социалдык жардамдын ар кандай түрлөрүнө муктаждык деңгээлин биринчи иретте аныктоо;

– социалдык колдоо, анын ичинде жакыр үй-бүлөлөрдүн социалдык паспортторунун негизинде балдары бар аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө ай сайын берилүүчү жөлөкпул дайындоо боюнча чараларды аныктоо;

– гуманитардык жардам алуучулардын тизмесин түзүү жана аны даректүү бөлүштүрүүнү камсыз кылуу;

– калктуу конуштун аймагында жашаган жакыр жарандардын эсебин алууну контролдоо, алардын жашоо шарттарын иликтөө;

– тиешелүү аймакта социалдык кызмат көрсөтүүдө калктын керектөөлөрүнө баалоону жүргүзүүгө жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органына көмөк көрсөтүү;

– турмуштук оор кырдаалга кабылган балдарды алгачкы (убактылуу) жайгаштырууну камсыз кылууда жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органына көмөк көрсөтүү;

– конкреттүү үй-бүлөнү кедейликтен чыгаруу боюнча иштерди уюштурууда, жергиликтүү жамааттын күчү менен социалдык жардамга муктаж, турмуштук оор кырдаалга кабылган адамдарга жардам берүүнү уюштурууда жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органына көмөк көрсөтүү;

– социалдык жардамга муктаж, турмуштук оор кырдаалга кабылган адамдарга мамлекеттик кызмат көрсөтүү маселелери боюнча социалдык жактан коргоонун, саламаттык сактоонун, билим берүүнүн мамлекеттик органдары менен өз ара аракеттенүү.

**Комиссия компетенциясынын чегинде төмөнкү маселелерди карайт:**

– турмуштук оор кырдаалга кабылган адамдардын кайрылуулары, арыздары жана өтүнүчтөрү боюнча;

– мамлекеттик органдардын аймактык бөлүнүштөрүнүн, коммерциялык эмес уюмдардын кайрылуулары боюнча;

– өз демилгеси менен жалпыга маалымдоо каражаттарынан, коомчулуктан Комиссиянын мүчөлөрүнө белгилүү болгон фактылар боюнча.

Ошентип жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдарынын алдындагы Социалдык маселелер боюнча комиссия оор турмуштук абалда турган пробациянын кардарына жардам берүү тууралуу пробация органынын сунушун кароого укуктуу.

## **4-глава.** Мамлекеттик органдардын аймактык бөлүмдөрүнүн ролу

### Райондук/шаардык эмгек жана социалдык өнүгүү башкармалыгы

Райондук/шаардык эмгек жана социалдык өнүгүү башкармалыгынын ишинин максаты социалдык өнүктүрүү жана гендердик теңчилик, калкты социалдык коргоо, анын ичинде жарандардын социалдык жактан корголбогон категорияларын, турмуштук оор кырдаалга кабылган балдарды, ДМЧАларды жана улгайган жарандарды колдоо, үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо, эмгек, калкты иш менен камсыз кылууга көмөк көрсөтүү жана эмгекти коргоо маселелерин кошкондо, этностук кыргыздар, кайрылмандар, качкындар, ошондой эле Кыргыз Республикасынын адамдарды сатуунун алдын алуу жана ага каршы күрөшүү чөйрөсүндөгү мыйзамдарынын чегинде адамдарды сатуунун курмандыктары жаатындагы мамлекеттик саясатты ишке ашыруу болуп саналат.

**Райондук/шаардык эмгек жана социалдык өнүгүү башкармалыгынын функциялары:**

– жумушсуздарды кесиптик окутууну жана кайра окутууну, аларды акы төлөнүүчү иштерге тартууну уюштурат;

– мамлекеттик жөлөкпулдарды, жеңилдиктердин ордуна акчалай компенсацияларды жана кош бойлуулук жана төрөгөндүгү боюнча, сөөк коюуга жөлөкпулдарды чектейт жана төлөйт;

– жумушсуз адамдарды, калктын аялуу катмарын, ошондой эле ДМЧАларды ишке орноштурууга көмөк көрсөтөт;

– социалдык тейлөө мекемелеринде мамлекеттик стандарттарга ылайык социалдык тейлөөнү уюштурат;

– ДМЧАларга санаториялык-курорттук дарылanууга жеңилдетилген жолдомолорду берет;

– ДМЧАларды, анын ичинде ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү балдарды медициналык-социалдык реабилитациялоону жүргүзөт;

– ДМЧАларды реабилитациялоонун атайын техникалык каражаттары, анын ичинде кыймылдоонун атайын каражаттары менен камсыз кылат;

– балдарды коргоо, анын ичинде жетим балдарды жана ата-энесинен кароосуз калган балдарды камкордукка алуу жана көзөмөлдүк кылуу, улуттук жана эл аралык асыроо, бала асыраган үй-бүлөлөр институтун киргизүү, аларга социалдык кепилдиктерди камсыз кылуу жаатында чараларды көрөт;

– ДМЧАларды камсыз кылуу үчүн реабилитациялоонун техникалык каражаттарын жана шаймандарын өндүрүү жана ишке киргизүү чөйрөсүн кеңейтет, протездик-ортопедиялык буюмдарды жасоо технологиясын өркүндөтөт;

– турмуштук оор кырдаалга кабылган жарандарды, үй-бүлөлөрдү жана балдарды аныктоо, муктаждыктарын баалоо, социалдык коштоо иштерин жергиликтүү деңгээлде уюштуруучу, жарандардын социалдык жактан корголбогон категорияларына мамлекет тарабынан кепилденген социалдык кызматтарды көрсөтүүчү социалдык кызматтардын тармактарын түзөт.

## Райондук/шаардык билим берүү бөлүмү

– жалпы негизги билим берүү;

– жетим балдарга жана ата-энеден кароосуз калган балдарга мектепке чейин жана мектепте билим берүү, тарбиялоо жана багуу;

– акыл-эстин өнүгүүсү мандемдүү балдарга жалпы баштапгыч билим берүү, тарбиялоо жана багуу;

– жакшы эмес жүрүм-турумдагы балдарга жалпы негизги билим берүү;

– жалпы орто билим берүү;

– окутуунун кечки (сменалык) жана сырттан окуу формалары боюнча жалпы негизги жана орто билим берүү;

– эмгек рыногунда талап кылынган кесиптерге жарандарды республикалык бюджеттин эсебинен нкутуу (бюджеттик окутуу).

## Үй-бүлөлүк медицина борбору

– Кыргыз Республикасында жарандарды медициналык-санитардык жардам менен камсыз кылуу боюнча Мамлекеттик кепилдиктер программасында каралган көлөмдө амбулаториялык деңгээлде консультациялык-

диагностикалык жардам көрсөтүү жана дарылоо иш-чараларын жүргүзүү;

– тез медициналык жардамдын бөлүмдөрү жана пункттары-станциялары кечиктирилгис (тез) медициналык жардамды көрсөтүү;

– стационарларда өмүргө коркунуч келтирген абалдан чыкканга чейин кечиктирилгис медициналык жардамды көрсөтүү;

– өмүрүнө коркунуч келтирген абалдан чыгаргандан кийин кечиктирилгис көрсөткүчтөр жана пландуу көрсөткүчтөр боюнча стационарларда мамлекеттик кепилдиктер программасында каралган көлөмдө дарылоо;

– Мамлекеттик кепилдиктер программасында каралган көлөмдө реабилитациялык медициналык жардамды көрсөтүү;

– Мамлекеттик кепилдиктер программасында каралган көлөмдө реабилитациялык медициналык жардам көрсөтүү;

– “Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасынын клиникалык ооруканасы” мамлекеттик мекемесинде медициналык жактан тейлене турган кызмат орундарынын жана адамдардын тизмегине ылайык бекитилген контингентке амбулаториялык деңгээлде консультациялык-диагностикалык жардам көрсөтүү, медициналык кароо жана дарылоо иш-чараларын жүргүзүү;

– балдарга жана өспүрүмдөргө профилактикалык жана дарылоо-диагностикалык жардам көрсөтүү.

## Мамлекеттик каттоо кызматы

– кыймылсыз мүлк жөнүндө маалыматтарды берүү;

– жарандык абалдын актыларынын жазуусуна оңдоолорду, толуктоолорду киргизүү;

– ID-card жана жалпы жарандык паспорттор түрүндөгү паспорттор менен Кыргыз Республикасынын жарандарын шашылыш документтештирүү;

– Кыргыз Республикасынын жарандарын жалпы жарандык паспорттор түрүндө документтештирүү;

– ID-card формасындагы паспорттор менен Кыргыз Республикасынын жарандарын документтештирүү: алмаштыруу боюнча, бузулгандыгы боюнча, жоголгон паспортту калыбына келтирүү боюнча, эркинен ажыратуучу жайдан бошогондугу боюнча, Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыгы менен Кыргыз Республикасынын жарандыгына кабыл алуу боюнча;

– архивдик фонддон документтердин көчүрмөлөрүн берүү.

## КОРУТУНДУ

Эгерде пробациянын кардарын оор турмуштук абалдан чыгаруу боюнча социалдык көмөк көрсөтүү комплекстүү негизде уюштурулса абдан натыйжалуу болоорун пробациянын кардарларын, анын ичинде пробациянын

жашы жете элек кардарларын (мындан ары - пробациянын кардары) кайра социалдаштыруу боюнча эл аралык изилдөөлөр көрсөтүүдө.

Социалдык көмөк көрсөтүү мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарга жетүүнү уюштурууга мүмкүндүк берүүчү пробациянын кардарлары менен иштөөнүн негизги формасы болуп саналат. Пробация органынын адиси пробациянын кардарына кырдаалды түшүнүүгө жардам берет, пробациянын кардарынын керектөөлөрүн аныктайт. Андан кийин ал Социалдык - укуктук жардам көрсөтүүнүн жеке программасын (мындан ары - жеке программа) түзөт, кардардын кызыкчылыктарын мамлекеттик органдарда жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында билдирүү жана ортомчу болуп чыгуу менен пробациянын кардарына мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарды алууга көмөк көрсөтөт. Ошентип, пробациянын кардарына оор турмуштук абалдан чыгууга көмөк көрсөтөт. Мында пробация органынын адиси кардар үчүн проблеманы чечпейт. Өзүнүн проблемаларын чечүү жоопкерчилигин кардар өзү тартат.
Кайра социалдаштырууда эң маанилүү ролду өкмөттүк эмес уюмдар ойношу керек, анткени алар мамлекеттик уюмдардын өкүлдөрүнө же жергиликтүү бийлик өкүлдөрүнө караганда пробациянын кардарынын ишенимине оңой ээ боло алышат. Ошондуктан пробациянын кардарлары үчүн “Мамлекеттик социалдык заказ жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык социалдык кызматтарды өнүктүрүү абдан маанилүү.

Ошондой эле, Социалдык-укуктук жардам көрсөтүүнүн жеке программасын натыйжалуу ишке ашыруу үчүн төмөнкү шарттар зарыл:
пробация органдарынын мамлекеттик органдардын аймактык бөлүмдөрү менен өз ара аракеттенүүсү; жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына колдоо көрсөтүү; пробациянын кардарлары үчүн социалдык кызматтарды көрсөтүүчү уюмдардын өнөктөш тармагынын болушу.

Буга байланыштуу усулдук көрсөтмөдө пробациянын кардарларына мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарды көрсөтүү боюнча мамлекеттик органдардын аймактык бөлүмдөрүнүн жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын функциялары структураштырылды.

Мамлекеттик органдар тарабынан берилүүчү натыйжалуу жардам жеке проблемаларды жана муктаждыктарды эске алуу менен түзүлүшү керек жана билим алууга, кесиптик көндүмдөргө, адамдарды жумушка тартууга, турмуштук көндүмдөрдү өнүктүрүүгө, социалдык байланыштарды кеңейтүүгө жана социалдык, психологиялык, медициналык

көнүү деңгээлин жогорулатууга, ошондой эле инсандын руханий өнүгүүсүнө багытталууга тийиш..
Пробация кеңеши кейс-менеджмент технологиясын колдонуу менен мамлекеттик органдардын аймактык бөлүмдөрү жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен өз ара аракеттенүү аркылуу аларга ар тараптуу колдоо көрсөтүү менен пробациянын кардарлары тарабынан рецидивдик кылмыштардын жасалышын алдын алууда негизги ролду ойнойт.

Мындан тышкары, Пробация кеңешине пробациянын кардарларын кайра социалдаштыруу боюнча мамлекеттик органдардын аймактык бөлүмдөрүнүн жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишмердүүлүгүнө мониторинг жүргүзүү жана баа берүү сунушталды.

**Пробациянын кардарына жардам көрсөтүү боюнча маселелерди жөнгө салган ченемдик укуктук актылардын тизмеси:**

- Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодекси;
- Кыргыз Ресупбликасынын Балдар жөнүндө кодекси;
- “Жергиликтүү администрациялар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;
- “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;
- “Билим берүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;
- “Калкты иш менен камсыз кылууга көмөктөшүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;
- “Укук бузуулардын алдын алуунун негиздери жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;
- “Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;
- “Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик жөлөкпулдар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;
- “Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын укуктары жана кепилдиктери жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;
- “Мамлекеттик социалдык заказ жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;
- “Пробация жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 10-февралындагы № 85 “Мамлекеттик органдар, алардын түзүмдүк бөлүмчөлөрү жана ведомстволук мекемелери көрсөтүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн бирдиктүү реестрин (тизмесин) бекитүү жөнүндө” токтому

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 21-майындагы № 264 “Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдарынын алдындагы Социалдык маселелер боюнча комиссия жөнүндө типтүү жобону бекитүү тууралуу” токтому;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 14-январындагы № 6 Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан көрсөтүлүүчү муниципалдык кызматтардын базалык реестрин бекитүү жөнүндө” токтому;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 22-июнундагы № 391 «Турмуштук оор кырдаалда турган балдарды жана үй-бүлөлөрдү табуу тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу” токтому;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 20-ноябрындагы № 790 “Жарандарды медициналык-санитардык жардам менен камсыздоо боюнча мамлекеттик кепилдиктер программасы жөнүндө” токтому;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 24-июлундагы № 449 “Балдар иштери боюнча комиссия жөнүндө типтүү жобону бекитүү тууралуу” токтому;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 31-декабрындагы № 666 токтому менен бекитилген Пробацияны колдонуу жана кардарларды эсепке алуу тартиби;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 19-сентябрындагы № 493 «Кыргыз Республикасындагы Адамдарды сатуунун курмандыктарын кайра жиберүү улуттук механизмин бекитүү жөнүндө» токтому